
САБАКТАРДЫН ЖҮГҮРТМӨСҮ
КУЛАКТАНДЫРУУ
МЕКТЕПТИН ПАСПОРТУ
Аталышы - Мукамбет Мамбетов
Ишке кирген - 2022 ж.
Наам берилген - 1996 ж.
Аянты - 1921,94 м²
Класс комплект - 21
Директор - 1
Завуч - 2
Соц.педагог - 1
Мугалим - 35
Окуучу - 394
Тех.кызматкер - 10
Канча нөөмөт - 2
МЕКТЕПТИН ГЕРБИ
МУКАМБЕТ МАМБЕТОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКТЕБИ
МЕКТЕПТИН ГИМНИ
Биз үчүн ачык эшигиң,
Мектебим билим бешигим.
Элге керек кесиптин,
Эртең эле ээсимин.
Кайырма:
Манастан калып олтурат,
Кыргызга жети осуят.
Өзүңдөн өскөн уул-кызың,
Келечекке кол сунат.
Көгүлтүр көлдүн жээгинде,
Көрк берип туулган жериме.
Кылымга жаша мектебим,
Ак кызмат өтөп элиме.
Кайырма:
Бүт кыргыз билсин дайынын,
Бар болгун Оттук айылым.
Өсүп өнсүн жаштарың,
Өчүрбөй билим жалының.
АЛДЫҢКЫ МУГА


МЕКЕНИМ
КЫРГЫЗСТАН
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МАМЛЕКЕТТИК ГИМНИ
Сөзү: Жалил Садыков жана Шабданбек Кулуевдики
Обону: Насыр Давлесов жана Калый Молдобасановдуку
Ак мөңгүлүү аска-зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.
Кайырма:
Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.
Аткарылып элдин үмүт, тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтың, мурасың,
Ыйык сактап урпактарга берели.
Кайырма:
Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.
1992-жылдын 18-декабрында
кабыл алынган
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МАМЛЕКЕТТИК ТУУСУ
1992-жылы 3-мартта
Кыргыз Республикасынын
Жогорку Кеңешинин
токтому менен бекитилген
Авторлору:
Эдил Айдарбеков,
Бекбосун Жайчыбеков,
Сабыр Иптаров, Жусуп Матаев,
Маматбек Сыдыков
ТАЛАС
ЧҮЙ
ЫСЫК-КӨЛ
ЖАЛАЛ-АБАД
НАРЫН
ОШ
БАТКЕН
Аянты - 198,5 миң км²
Калкы - 6,6 млн.адам
Облусу - 7
Шаарлары - 32
Району - 40
Айыл аймагы - 452
Конституция- 5 - май 1993-ж.
кабыл алынган
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МАМЛЕКЕТТИК ГЕРБИ
КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫ
1994-жылы 14-январда
Кыргыз Республикасынын
Жогорку Кеңешинин
токтому менен бекитилген.
Авторлору:
Асеин Абдраев,
Садырбек Дубанаев


ОТТУКТУН ДҮЙШӨНҮ
Өмүр бизден өтүп кетсе,
эл эмгектен эскерсин
Тоң районунун алгачкы агартуучуларынын бири, Улуу Ата Мекендик согуштун ардагери Мамбетов Мукамбет 1910-жылы Тоң районуна караштуу Оттук айылында төрөлгөн. 1939-жылы Фрунзе шаарындагы мугалимдер институтун аяктаган. Ага чейин мугалимдерди даярдоо курстарынан окуп, 1935-37-жылдары Балыкчы районосунда инспектор болуп иштейт. 1937-1942-жылдар аралыгында Рыбачье шаарындагы Лев Толстой атындагы №2 мектепте директор болуп эмгектенген.
1942-жылы ыктыяры менен Улуу Ата Мекендик согушка аттанган.
Согушта көрсөткөн эрдиктери үчүн "За взятие Берлина", "За освобождение Варшавы" жана "Кызыл Жылдыз", " Улуу Ата Мекендик Согуштун 1-даражадагы" ордендери менен сыйланган. Согуштан кайтып келгенден кийин 1946-1948-жылдары Рыбачье шаарында Л.Толстой мектебинде директорлук кызматын улаган. Андан кийин 6 жыл өзү туулган Оттук айылындагы орто мектепте директор болуп иштеп туруп,
1954-жылы азыркы Кара Талаа, ошол кездеги Ворошилов айылындагы Ленин атындагы мектепке которулуп, 14 жыл ошол жерде мектеп директору болуп иштеген.
1953-жылы Ысык-Көл облусунун Рыбачье районунун эмгекчилдеринин конференциясынын делегаты. Жаш муундарды окутуп, тарбиялоодо жараткан ийгиликтери үчүн 1968-жылы "Эл агартуунун отличниги" төш белгиси, 1976- жылы агартуу майданындагы көп жылдык үчүн "Эмгектеги каармандыгы үчүн" медалы жана көптөгөн Ардак грамоталары менен сыйланган. 5 жолу посёлкалык жана селолук Советтерге депутат болуп шайланган. 1950-жылы Ысык-Көл обкомунун конференциясына делегат, дээрлик бардык райондук конференцияларга делегат болуп шайланып келген. Агайды Оттуктун Дүйшөнү деп аташат.
Жолдошу Исакова Майраш экөө 8 баланы тарбиялап өстүрүшкөн. Балдарынын бардыгы жогорку билимдүү. 1996-жылы өзү иштеген Оттук орто мектебине агайдын аты ыйгарылган. Агайдын жашоо образы, басып өткөн эмгек жолу урпактары үчүн үлгү болуп кала берет.
Мамбетов Мукамбет